«Каралды»

Асан Жансейитов орто мектебинин

Педагогикалык кенеши

№ 1 протоколу

«22» авгус 2022-жыл

«Бекитемин»

Асан Жансейитов орто мектебинин

директору Турунов М.С.

«2» сентябрь 2022-жыл

## Асан Жансейитов атындагы орто мектебинин окууда жетишпеген окуучулар менен иштөө жобосу

1. **Жалпы жобо**

Окууда жетишпеген окуучу – бул окулуп жаткан сабактан материалына кандайдыр бир себептер менен түшүнбөгөн, жетишпеген бала:

**1.1. Максаты:**

- Окуучулардын билим алуусун дэнгээлин көтөрүү;

**1.2. Милдети:**

- Балдардын окууга болгон жоопкерчиликтүү мамилесин жөнгө салуу;
- Ата – энелердин балдарынын окуусуна болгон жоопкерчилигин арттыруу;
- Окуучулардын сабактардан начар окуп, классташтарына салыштырмалуу окуу материалдын өздөштүрө албоосунун жана ордуна калып калуусунун алдын – алуу;
- Предметтен окуу материалын туура өздөштүрүүсүнө жардам берүү;

**1.3. Начар окууган окуучулар менен иштөө боюнча негизги багыттар:**

- Окуучунун окуудан жетише албагандыгынын себебин аныктоо;
- Начар окуган окуучуну сабактан жетишүүсүнө комплекстүү иштерди жүргүзү: сабактан тышкары учурда иштөө, ата- энеси менен сүйлөшүү, сабак учурунда иштөө;
- Класстан тышкаркы иш – чараларга тартуу;
- Коомдук иштерге катыштыруу ж.б;

### 1.4. Начар окуган окуучулар менен иштөөдө класс жетекчинин милдеттери:

Класс жетекчи классындагы окуучунун окуудан жетише албагандыгынын себебин аныкташы керек. Ал үчүн жекече ангемелешип, мектептин психологуна кайрылып, ата – энеси менен ангемелешип ар кандай иш – аракеттерди аткаруу менен себебин аныкташы зарыл. Баланын сабактардан жетише албай, начар окугандыгынын себеби:

- Сабактарды көп калтыруусу;
- Үйдөн тапшырмаларды аткарууда ата – эне тарабынан контролдун жоктугу;
- Жөндөмсүздүгү;
- Окууга болгон каалоосунун жоктугу;
- Тапшырманын көлөмүнүн өтө көптүгү;
- Мугалим тарабынан окуучуну баалоонун обьективдүү эместиги;
- Окуу материалынын кыйындыгы;
- Ден - соолугунун начарлоосу;

### 1.5. Начар окуган окуучу менен сабак учурунда иштөө:

Сабактын этаптары:

1. Өтүлгөн материалды кайталоо учурунда окуучуга сабакта дифференцирленген суроолорду берүү менен окууга болгон кызыгуусун арттыруу, туура жооп берген учурда аны мактоо;
2. Жаны теманы түшүнүүсү үчүн жөнөкөйлөтүлгөн мисалдар, тажрыйбалар аркылуу түшүндүрүү;
3. Бышыктоо учурунда берилүүчү тапшырманы жөнөкөйлөтүп берүү;
4. Өз алдынча иштөөдө атайын карточкаларды дайындап келип , окуучунун дээнгелине жараша тапшырманы берүү;
5. Окуучунун билимин обьективдүү баалоо;
6. Окуучуга индивидуалдык тапшырмаларды берүү;

**1.6. Начар окуган окуучу менен иштөө:**

1. Окуучунун аты – жөнү:______________________________

2. Классы:______________________________

3. Кайсы предметтен жетише албайт:______________________________

4. Окуучунун тартиби:______________________________

5. Окуучунун начар окуусунун себеби:______________________________

6. Окуучу менен жекече кандай иштер аткарылды:______________________________

   ______________________________

7. Иштин жыйынтыгы:______________________________

   ______________________________